**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**
**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын**
**IV-кезексиз сессиясынын**
**Токтому №8/1**

2025-жылдын 14-октябры Жаңы-Арык айылы

**Куйручук-Кызарт айыл аймагы боюнча IV Элдик Курултайга айыл аймагынан делегаттарды шайлоону уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 22-сентябрындагы “IV Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө” ПЖ №270 Жарлыгы менен аныкталган 2025-жылдын 22-23-декабрында өтүүлүүчү Кезектеги IV Элдик Курултайдын делегатын шайлоону уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө, Элдик Курултайдын Улуттук кеңешинин 2024-жылдын 21-декабрындагы кабыл алган Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо тартиби жөнүндө Жобого ылайык уюштуруу жөнүндө маселени карап, айылдык кеңештин депутаттарынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Куйручук-Кызарт айыл аймагы боюнча өкүлчүлүктүү жыйындын делегаттарынын жалпы саны 50 адамдан түзүлсүн;

2. Өкүлчүлүктүү жыйынга делегаттарды шайлоо боюнча Куйручук-Кызарт айыл аймагы 1-тиркемеге ылайык тиешелүү аймактарга бөлүнсүн;

3. Коомдоштуктун жыйындарын өткөрүү боюнча уюштуруу комитетинин календарлык планында аныкталган мөөнөткө ылайык, жарандардын жыйындарын жана чогулуштарын өткөрүүнүн графиги жана алардан шайлануучу делегаттардын өкүлчүлүктүү ченемдери 2-тиркемеге ылайык бекитилсин;

4. Өкүлчүлүктүү жыйындын делегаттарын шайлоо боюнча ар бир жыйындарды жана чогулуштарды өткөрүүгө жооптуу жергиликтүү кеңештин депутаттарынын тизмеси 3-тиркемеге ылайык бекитилсин;

5. Коомдоштуктун жыйынын жана өкүлчүлүктүү жыйынды уюштуруу жана өткөрүү боюнча 11 адамдан турган жумушчу тобунун курамы 4-тиркемеге ылайык бекитилсин;

6. Куйручук-Кызарт айыл аймагында Кезектеги IV Элдик Курултайдын делегатын шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйынды өткөрүү 5-тиркемеге ылайык бекитилсин;

7. Бул токтомдун аткарылышын өзүмө калтырам.

**Төрага:** **Уланбек уулу Жыргалбек**